# “ЖАЛГЫЗДЫКТАН ЖАДАП БҮТТҮМ”

Сөзү: Шайлообек Дүйшеев

Обону: Элмирбек Иманалиевдики

Жамалы белең берметтин,

Жабыркап жүрөк дегдеттиң.

Кароосуз калган кайыктай,

Кайыр кош жаным сен кеттиң.

Кайырма:

Карап, карап,

Кайрадан сени самап.

Күттүм, күттүм, күттүм, күттүм,

Жалжалым жалгыздыктан

Жадап бүттүм, бүттүм.

Көпөлөк гүлгө коноалбай,

Көңүлүм сыздап толалбай.

Серпилип жүрөк кыйналды,

Сендейлер сендей болоалбай.

Кайырма:

Кош дегим келбейт, кош дегим,

Козгобо бөлөк жок кебим.

Кайгырсам жалгыз аргам жок,

Кош дешээр жарым жок менин